Кыргыз Республикасы Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министирлиги
“ Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети”
илимий - билим берүү өндүрүштүк комплекси
Экономика жана укук колледжи

КАРАЛДЫ
ЭУКтун педагогикалык
Кенешинде № 1
14 сентябрь 2026

БЕКИТЕМ
ЭУКтун директору
Э.и.к., доценттин м.а.
Короева А.М.
_____2026-жыл

Экономика жана укук колледжинин Экономика ПЦКсынын 2026-2027-окуу жылына карата түзүлгөн комплекстүү ИШ ПЛАНЫ

Манас, 2026-жыл

I. ОКУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА ИШ ПЛАНЫ

Максаты: окуу процессин сапаттуу уюштуруу, билим берүү программаларын өркүндөтүү, студенттердин билим деңгээлин жана кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу, теориялык билимди практикалык ишмердүүлүк менен айкалыштыр

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа
1	2026–2027-окуу жылына карата ПЦКнын иш планын талкуулоо жана бекитүүгө сунуштоо	Сентябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Ишмердүүлүктүн негизги багыттары аныкталат
2	Окутуучулардын жекече иш пландарын, окуу жүктөмдөрүн жана академиялык календарга ылайык иш графиктерин түзүү	Сентябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Окуу процесси пландуу уюштурулат
3	Жумушчу окуу программаларын, силлабустарды, окуу-методикалык комплекстерди талдоо жана жаңылоо	Сентябрь–октябрь	ПЦК башчысы, предметтик окутуучулар	Окуу материалдары жаңыланат
4	Сабактардын жадыбалын, студенттердин катышуусун жана электрондук журналдардын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө	Жыл бою	ПЦК башчысы, кураторлор	Окуу тартиби жана документтердин жүргүзүлүшү жакшыртылат
5	Студенттердин билим сапатын аныктоо, модулдук текшерүүлөрдүн жана аралык аттестациянын жыйынтыктарын талдоо	Ар бир модулдан кийин	ПЦК башчысы, окутуучулар	Билимдеги кемчиликтер аныкталып, аларды жоюу чаралары көрүлөт
6	Сабактарга өз ара катышууну уюштуруу жана окутуунун сапатына талдоо жүргүзүү	Ай сайын	ПЦК башчысы, окутуучулар	Сабак өтүүнүн сапаты жогорулайт
7	Студенттердин сабакка катышуусун жана жетишүүсүн ай сайын талдоо, артта калган студенттер менен жекече иш жүргүзүү	Ай сайын	ПЦК башчысы, кураторлор, окутуучулар	Студенттердин жетишүүсү жакшырат
8	Окуу китептери, окуу куралдары жана электрондук ресурстар менен камсыз болуу деңгээлин аныктоо	Октябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Окуу материалдарына болгон муктаждык аныкталат

9	Окуу жана өндүрүштүк практикаларды өткөрүүчү мекемелер менен кызматташууну уюштуруу, келишимдердин аткарылышын көзөмөлдөө	Октябрь–май	ПЦК башчысы, практика жетекчилери	Практикалык даярдыктын сапаты жогорулайт
10	Жумуш ордунда окутууну уюштуруу, студенттердин практикалык тапшырмаларын иш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык өркүндөтүү	Жыл бою	ПЦК башчысы, практика жетекчилери	Кесиптик көндүмдөр өнүгөт
11	Иш берүүчүлөрдүн катышуусунда конок лекцияларды, кесиптик жолугушууларды жана практикалык сабактарды уюштуруу	Ноябрь–апрель	ПЦК башчысы, окутуучулар	Студенттердин кесиптик даярдыгы чыңдалат
12	Кышкы сессиянын жана модулдук сынактардын жүрүшүн көзөмөлдөө, жыйынтыктарын талдоо	Декабрь–февраль	ПЦК башчысы, окутуучулар	Билим сапаты боюнча жыйынтык чыгарылат
13	Окуу процессине интерактивдүү, долбоордук жана санариптик окутуу технологияларын киргизүү	Жыл бою	ПЦК башчысы, окутуучулар	Заманбап окутуу усулдары кеңири колдонулат
14	Мамлекеттик аттестациянын программаларын талкуулоо, суроолорун жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо	Ноябрь–май	ПЦК башчысы, бүтүрүүчү курстардын окутуучулары	Мамлекеттик аттестацияга даярдык камсыздалат
15	Мамлекеттик аттестациянын жүрүшүн көзөмөлдөө жана жыйынтыктарын талдоо	Июнь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгына баа берилет
16	Кийинки окуу жылына карата окуу жүктөмдөрүн жана окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды даярдоо	Май–июнь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Кийинки окуу жылына даярдык көрүлөт

II. ОКУУ-УСУЛДУК ИШТЕР БОЮНЧА ИШ ПЛАНЫ

Максаты: окутуучулардын усулдук чеберчилигин жогорулатуу, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жайылтуу, жаңы жана жаш окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү, билим берүү процессине инновациялык технологияларды киргизүү.

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа
1	ПЦКнын окуу-усулдук иш планынын негизги багыттарын аныктоо жана бекитүүгө сунуштоо	Сентябрь	ПЦК башчысы	Усулдук иштер системалуу уюштурулат
2	Жумушчу программаларды, силлабустарды, окуу-усулдук комплекстерди жана календардык-тематикалык пландарды карап чыгуу	Сентябрь–октябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Окуу-усулдук документтер талаптарга ылайыкташтырылат
3	Жаш жана жаңы келген окутуучуларга насаатчылык жардам көрсөтүү, жеке иш пландарын түзүүгө көмөктөшүү	Сентябрь–июнь	ПЦК башчысы, насаатчы окутуучулар	Жаш окутуучулардын кесиптик көндүмдөрү калыптанат
4	«Жумушчу программа, силлабус жана окуу-усулдук комплексти түзүүнүн талаптары» темасында мастер-класс өткөрүү	Сентябрь	ПЦК башчысы, тажрыйбалуу окутуучулар	Документтерди даярдоо сапаты жогорулайт
5	Интерактивдүү окутуу усулдарын колдонуу боюнча семинар уюштуруу	Октябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Сабактардын натыйжалуулугу артат
6	Окутуучулардын ачык сабактарын уюштуруу, сабактарга өз ара катышуу жана талдоо жүргүзүү	Октябрь–май	ПЦК башчысы, окутуучулар	Алдыңкы тажрыйбалар жайылтылат
7	ОПОПту өркүндөтүү, иш берүүчүлөрдүн сунуштарын окуу мазмунуна киргизүү боюнча усулдук талкуу өткөрүү	Октябрь–ноябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Билим берүү программалары эмгек рыногуна ылайыкташат
8	«Баалоо жана кайтарым байланыш: студенттин билим жетишкендигин аныктоо» темасында мастер-класс өткөрүү	Ноябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Баалоонун сапаты жана объективдүүлүгү жакшырат
9	«Тест түзүүнүн методикасы: жеңил, орто жана татаал деңгээлдеги тапшырмалар» темасында практикалык семинар өткөрүү	Ноябрь–декабрь	ПЦК башчысы, предметтик окутуучулар	Сапаттуу тесттик тапшырмалар иштелип чыгат

10	«Микросабак: 15 мүнөттүк методикалык тажрыйба» иш-чарасын уюштуруу	Декабрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Натыйжалуу усулдар менен тажрыйба алмашуу күчөйт
11	«Бир сабак — бир инновация» демилгесинин алкагында санариптик куралдарды жана жаңы окутуу ыкмаларын колдонуу	Декабрь–май	Бардык окутуучулар	Инновациялык окутуу тажрыйбасы жайылтылат
12	«Жумуш ордунда окутуу: теориядан практикага» темасында тажрыйба алмашуу семинарын өткөрүү	Январь–февраль	ПЦК башчысы, практика жетекчилери	Практикалык окутуунун методикасы өркүндөтүлөт
13	Жасалма интеллектти жана санариптик платформаларды сабактарда натыйжалуу колдонуу боюнча мастер-класс өткөрүү	Февраль	ПЦК башчысы, санариптик технологияларды колдонгон окутуучулар	Окутуучулардын санариптик компетенттүүлүгү жогорулайт
14	Студенттерге багытталган окутуу, өз алдынча ишти уюштуруу жана окуу жетишкендиктерин баалоо боюнча усулдук талкуу өткөрүү	Март	ПЦК башчысы, окутуучулар	Студенттердин өз алдынча иштөө жөндөмдөрү өнүгөт
15	Бухгалтердик эсеп, банк иши, салык салуу, каржы жана экономика предметтери боюнча практикалык тапшырмаларды жаңылоо	Жыл бою	Тиешелүү предметтик окутуучулар	Кесиптик тапшырмалардын практикалык мааниси жогорулайт
16	Окуу-усулдук колдонмолорду, жумушчу дептерлерди, тесттерди жана электрондук окуу материалдарын даярдоо	Жыл бою	Окутуучулар	Окуу-усулдук камсыздоо жакшырат
17	«Мыкты окутуучу», «Мыкты усулчу», «Мыкты окуу-усулдук комплекс», «Мыкты жумушчу дептер» сынактарына даярдануу жана катышуу	Жыл ичинде	ПЦК башчысы, окутуучулар	Окутуучулардын чыгармачылык демилгелери колдоого алынат
18	Окуу жылынын аягында усулдук иштердин жыйынтыгын чыгаруу жана кийинки жылга сунуштарды иштеп чыгуу	Май–июнь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Усулдук иштердин натыйжалуулугу бааланат

III. КООМДУК-ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР БОЮНЧА ИШ ПЛАНЫ

Максаты: студенттердин адеп-ахлактык, жарандык, укуктук жана патриоттук сапаттарын өнүктүрүү, сергек жашоо образын калыптандыруу, кесипке болгон кызыгуусун арттыруу жана студенттик демилгелерди колдоо.

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа
1	2026–2027-окуу жылына карата тарбиялык иштерди пландаштыруу жана кураторлор менен биргеликте уюштуруу	Сентябрь	ПЦК башчысы, кураторлор	Тарбиялык иштер системалуу жүргүзүлөт
2	Жаңы кабыл алынган студенттерге колледждин ички тартиби, академиялык адеп-ахлак жана студенттик жоопкерчилик боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү	Сентябрь	Кураторлор, окутуучулар	Студенттердин жоопкерчилиги жогорулайт
3	«Ата-энемдин кесип тандоомо жана келечекке болгон көз карашыма таасири» темасында мастер-класс өткөрүү	Октябрь	ПЦК башчысы, кураторлор	Кесип тандоого аң-сезимдүү мамиле калыптанат
4	Студенттердин сабакка катышуусун, жетишүүсүн жана тартибин көзөмөлдөө, ата-энелер менен байланышты чыңдоо	Ай сайын	Кураторлор, окутуучулар	Сабак калтыруу азаят, ата-энелер менен кызматташуу жакшырат
5	Студенттер арасында кесиптик багыт берүүчү жолугушууларды, иш берүүчүлөр менен баарлашууларды уюштуруу	Октябрь–апрель	ПЦК башчысы, кураторлор	Студенттердин кесиптик багыты аныкталат
6	Экономика, каржы, бухгалтердик эсеп жана ишкердик боюнча тематикалык тегерек столдорду өткөрүү	Жыл ичинде	Окутуучулар, кураторлор	Кесиптик кызыгуу жана демилгелүүлүк өнүгөт
7	Студенттердин финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча «Жеке бюджетти башкаруу» жана «Финансылык сабаттуу ишкер» тренингдерин өткөрүү	Декабрь–март	Экономика предметтеринин окутуучулары	Финансылык сабаттуулук жогорулайт
8	«Бизнес-симуляция» аркылуу виртуалдык ишкана түзүү, киреше-чыгашаны эсептөө жана ишкердик чечимдерди кабыл алуу боюнча оюн уюштуруу	Декабрь–апрель	Окутуучулар, кураторлор	Ишкердик жана командалык иш көндүмдөрү өнүгөт

9	Зыяндуу адаттардын, буллингдин, зомбулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иш-чараларын өткөрүү	Жыл бою	ПЦК башчысы, кураторлор	Коопсуз жана жагымдуу окуу чөйрөсү калыптанат
10	Студенттердин укуктук сабаттуулугун, академиялык чынчылдыгын жана жарандык жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча иш-чараларды өткөрүү	Ноябрь–апрель	Окутуучулар, кураторлор	Укуктук маданият жана жоопкерчилик өнүгөт
11	Студенттерди колледждин, университеттин жана шаардык деңгээлдеги маданий, коомдук жана спорттук иш-чараларга катыштыруу	Жыл бою	ПЦК башчысы, кураторлор	Студенттердин коомдук активдүүлүгү жогорулайт
12	Экономисттер күнүнө карата кесиптик жолугушуу, тегерек стол же интеллектуалдык иш-чара уюштуруу	Декабрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Кесипке болгон сый-урмат күчөйт
13	Студенттердин таланттарын аныктоо, чыгармачылык жана интеллектуалдык сынактарга катышуусун колдоо	Жыл бою	Окутуучулар, кураторлор	Студенттердин жөндөмдөрү өнүгөт
14	Студенттердин сунуштарын жана билим берүү сапаты боюнча пикирлерин чогултуу, «Студенттин үнү» иш-чарасын өткөрүү	Март	ПЦК башчысы, кураторлор	Студенттердин пикирлери эске алынат
15	Жумуш ордунда окутуу жана өндүрүштүк практика учурунда кесиптик этика, эмгек тартиби жана жоопкерчилик боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү	Практика мезгилинде	Практика жетекчилери, кураторлор	Кесиптик жүрүм-турум маданияты калыптанат
16	Ата-энелер менен жолугушууларды уюштуруу, окуудагы көйгөйлөрдү биргелешип чечүү	Жыл ичинде	Кураторлор, ПЦК башчысы	Колледж менен ата-энелердин байланышы бекемделет
17	Студенттердин катышуусу, жетишүүсү жана тарбиялык иштер боюнча жылдык жыйынтык чыгаруу	Май–июнь	ПЦК башчысы, кураторлор	Тарбиялык иштердин натыйжалары бааланат

IV. ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ БОЮНЧА ИШ ПЛАНЫ

Максаты: окутуучулардын жана студенттердин илимий-изилдөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү, илимий-инновациялык ишмердүүлүктү күчөтүү, экономика тармагындагы актуалдуу маселелерди изилдөө жана илимий жыйынтыктарды окуу процессине киргизүү.

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа
1	ПЦКнын илимий-изилдөө иштеринин багыттарын аныктоо жана жылдык планын түзүү	Сентябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Илимий иштердин багыттары аныкталат
2	Окутуучулардын илимий кызыкчылыктарын жана изилдөө темаларын тактоо, жекече илимий иштерин пландаштыруу	Сентябрь–октябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Илимий ишмердүүлүк системалаштырылат
3	Окутуучуларды илимий-метрикалык базаларга каттоого көмөктөшүү: Google Scholar, ORCID жана eLIBRARY.RU	Октябрь–ноябрь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Окутуучулардын илимий профилдери түзүлөт
4	Жаш окутуучуларды илимий изилдөөлөргө, илимий семинарларга жана конференцияларга тартуу	Жыл бою	ПЦК башчысы, тажрыйбалуу окутуучулар	Жаш окутуучулардын илимий потенциалы өнүгөт
5	Студенттердин илимий кызыгууларын аныктоо жана илимий ийримдерди уюштуруу	Сентябрь–октябрь	Ийрим жетекчилери, окутуучулар	Студенттердин изилдөө жөндөмдөрү калыптанат
6	Экономика, каржы, банк иши, бухгалтердик эсеп, салык салуу жана туризм боюнча актуалдуу изилдөө темаларын иштеп чыгуу	Октябрь–ноябрь	Окутуучулар, студенттер	Кесиптик багыттагы изилдөөлөр жүргүзүлөт
7	Студенттердин илимий долбоорлорун жана стартап идеяларын иштеп чыгууга жетекчилик кылуу	Октябрь–апрель	Окутуучулар, ийрим жетекчилери	Илимий жана ишкердик демилгелер колдоого алынат
8	Окутуучулардын илимий макалаларын, тезистерин жана усулдук эмгектерин даярдоого көмөктөшүү	Жыл бою	ПЦК башчысы, окутуучулар	Илимий эмгектердин саны жана сапаты жогорулайт
9	Башка колледждер жана кесиптик билим берүү мекемелери менен илимий-усулдук кызматташтыкты өнүктүрүү	Жыл бою	ПЦК башчысы, окутуучулар	Илимий байланыштар кеңейет

10	Студенттерди предметтик олимпиадаларга, илимий сынактарга жана конференцияларга даярдоо	Ноябрь–май	Окутуучулар, ийрим жетекчилери	Студенттердин илимий жетишкендиктери жогорулайт
11	Окутуучуларды жана студенттерди илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга жана форумдарга катыштыруу	Жыл бою	ПЦК башчысы, окутуучулар	Илимий тажрыйба алмашуу күчөйт
12	«Студенттик ишкердик жана инновациялык идеялар» темасында тегерек стол өткөрүү	Декабрь–март	Окутуучулар, студенттик ийрим жетекчилери	Инновациялык идеялар ишке ашып чыгат
13	Илимий ийримдердин жарым жылдык иштерин талдоо жана жыйынтыгын чыгаруу	Январь–февраль	ПЦК башчысы, ийрим жетекчилери	Ийримдердин ишмердүүлүгү жакшыртылат
14	«Илим жана студент-2027» илимий-практикалык конференциясына студенттердин катышуусун уюштуруу	Апрель–май	ПЦК башчысы, окутуучулар	Студенттердин илимий эмгектери сунушталат
15	«Эң мыкты илимий ийрим» сынагына катышуу үчүн материалдарды даярдоо	Апрель–май	Ийрим жетекчилери, окутуучулар	Илимий ийримдердин ишмердүүлүгү жайылтылат
16	Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын ПЦКнын отурумунда талкуулоо жана баалоо	Май–июнь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Илимий иштердин натыйжалуулугу аныкталат
17	Кийинки окуу жылына карата илимий-изилдөө иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарды даярдоо	Июнь	ПЦК башчысы, окутуучулар	Илимий ишмердүүлүктүн келечектеги багыттары аныкталат

V. ПЦКНЫН ИШИН УЮШТУРУУ ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар
1	ПЦКнын отурумдарын өткөрүү, күн тартибиндеги маселелерди талкуулоо жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө	Ай сайын	ПЦК башчысы
2	Окуу, окуу-усулдук, коомдук-тарбиялык жана илимий-изилдөө иштеринин аткарылышын талдоо	Ар бир чейректе	ПЦК башчысы

3	Окутуучулардын жекече иш пландарынын аткарылышын текшерүү	Ар бир семестрде	ПЦК башчысы
4	Окутуучулардын отчетторун угуу жана ишмердүүлүгүнө баа берүү	Январь, июнь	ПЦК башчысы, окутуучулар
5	ПЦКнын ишмердүүлүгү боюнча жылдык отчет даярдоо жана талкуулоо	Июнь	ПЦК башчысы
6	2027–2028-окуу жылына карата ишти жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу	Июнь	ПЦК башчысы, окутуучулар

VI. КҮТҮЛҮҮЧҮ ЖАЛПЫ НАТЫЙЖАЛАР

1. Билим берүү процессинин сапаты жогорулап, окуу программалары эмгек рыногунун талаптарына ылайык өркүндөтүлөт.
2. Окутуучулардын кесиптик, усулдук жана санариптик компетенттүүлүктөрү өнүгөт.
3. Жаш жана жаңы келген окутуучуларга насаатчылык колдоо көрсөтүлөт.
4. Студенттердин теориялык билими, практикалык көндүмдөрү жана кесиптик компетенттүүлүгү жогорулайт.
5. Студенттердин илимий-изилдөө, чыгармачылык жана ишкердик демилгелери колдоого алынат.
6. Иш берүүчүлөр менен кызматташтык бекемделип, жумуш ордунда окутуунун натыйжалуулугу артат.
7. Студенттердин жарандык жоопкерчилиги, укуктук сабаттуулугу жана академиялык адеп-ахлагы калыптанат.
8. ПЦКнын окуу, окуу-усулдук, коомдук-тарбиялык жана илимий-изилдөө иштери системалуу уюштурулуп, алардын аткарылышы көзөмөлдөнөт.

Экономика ПЦКсынын башчысы: _____ Ташматова А.А.